***6-БӨЛҮМ***

# Көйгөйдү кантип аныктаса болот

Бул бөлүмдө 7 бетте карта келтирилген. Анын жардамы менен **балаңызда кандай көйгөй же бузулуу болушу мүмкүндүгүн жана аны колуңуздагы китептин кайсы жеринен издөө керектигин** тапсаңыз болот.

Картанын **биринчи колонкасында** түрдүү илдеттердин көзгө көбүрөөк урунуктуу белгилерин келтирдик. Ушул белгилердин айрымдары бир эмес, бир нече илдетте учурайт. **Экинчи колонкага** окшош илдеттерди бир биринен ажыратып таануу үчүн башка белгилерди да коштук. **Үчүнчү колонкада,** аталган белгилер эң мүнөздүү болгон көйгөйлөрдүн же илдеттердин аталыштары берилет. Ал эми **төртүнчү колонкада** ошол илдеттерди ушул китептин кайсы беттеринен издөө керектиги тууралуу маалымат келтирилген. (*WTIND* деп жана жанында сан келтирилген жерлер *Where There Is No Doctor* (кыргыз тилине которулган китептин аталышы “Үй-бүлөнүн ден соолугу үчүн”) деп аталган китептеги бетке шилтемени билдирет.)

Эгер биринчи колонкадан сизге керек белгини таппасаңыз, башка белгисин издеңиз. Же болбосо, белгилерин экинчи колонкадан караңыз.

Бул карта балада кандай көйгөйлөр болушу мүмкүндүгүн аныктоого сизге жардам берет. Мүмкүндүктөрдүн ар бирин изилдөө туура болот. **Илдеттерге арналган ар бир бөлүмдүн биринчи беттеринде ошол илдеттердин белгилери толугураак сүрөттөлүп берилет.**

> **МААНИЛҮҮ!** Айрым илдеттерди башкалары менен оңой эле алмаштырып алуу мүмкүн. Бул китепте илдеттердин бардыгы камтылган эмес. Эгер диагнозунан күмөн санасаңыз, тажрыйбасы көбүрөөк башка бирөө менен кеңешүүгө аракеттениңиз. Көйгөйдү так аныктоо үчүн, кээде атайын анализдерди тапшыруу же рентгенге түшүү керек болушу мүмкүн.

Бактыга жараша, **баланын көйгөйү кайсы илдеттен экенин так билүү ар дайым маанилүү эмес.** Мисалы, баланын буттарында алсыздык пайда болду дейли. Атүгүл анын себебин билбесеңиз деле, балага жардам берсеңиз болот. Ушул сыяктуу алсыздыкка алып келүүчү илдеттерге арналган бөлүмдөрдү жана балада болушу мүмкүндүү башка көйгөйлөр тууралуу бөлүмдөрдү окуңуз. Полиомиелитке, ***контрактураларга,*** көнүгүүлөргө, ортопедиялык аппараттарга, басуу үчүн жасалгаларга же дөңгөлөктүү отургучтарга ж.б.у.с. арналган бөлүмдөрдөн мындай көйгөйү бар бала үчүн пайдалуу маалыматтарды табасыз.

**Кээде илдетти так аныктоо маанилүү болот.** Айрым илдеттер, мисалы, шам сокурдук, итий же гипотиреоз конкреттүү дары-дармектерди же тийиштүү тамактанууну талап кылат. Башкаларында, мисалы жүлүн чуркусунда, жырык эринде жана жырык таңдайда хирургиялык кийлигишүү зарыл болот. Мындан башкаларында, мисалы, балдардын церебралдык шалдыгында атайын ***терапия*** ыкмаларын же көнүгүүлөрдү колдонуу талап кылынат. Айрым учурларда, мисалы, жүлүн жабыркаганда жана пес оорусунда, кошумча көйгөйлөр пайда болбошу үчүн, атайын сактык чараларды кармануу керек. Ушул себептен, илдет тууралуу мүмкүн болушунча көбүрөөк билип алган пайдалуу. Мүмкүн болсо, көбүрөөк тажрыйбасы бар адамдардан кошумча маалымат жана кеңеш издеңиз. (Бирок атүгүл адистердин кеңештери да дайыма эле туура боло бербейт. Бирөөнүн кеңешин аны эмне себептен аткаруу керек экенин так түшүнгөндөн жана конкреттүү балага ошол кеңеш **кандайча** жана **эмне үчүн** туура келерин жакшылап ойлонуштургандан кийин гана пайдаланыңыз.)






Бул картадан тышкары, китепте илдеттерди аныктоого көмөк берүүчү башка дагы 2 колдонмо келтирилген:



МУУНДАРДЫН ООРУШУНУН СЕБЕПТЕРИН АНЫКТООГО ЖАРДАМ БЕРҮҮЧҮ КОЛДОНМО, 130-бет

КАРЫШТЫРУУЧУ ТАЛМАНЫН (ЭПИЛЕПСИЯ) ТҮРЛӨРҮН АНЫКТОО ЖАНА ДАРЫЛОО БОЮНЧА КОЛДОНМО, 240-бет


# КӨЙГӨЙЛӨРДҮ ЖАНА ИЛДЕТТЕРДИ АНЫКТОО БОЮНЧА КОЛДОНМО


## БАЛА ТӨРӨЛГӨНДӨ ЖАНА ДАРОО ТӨРӨЛГӨНДӨН КИЙИН БАЙКАЛГАН БЕЛГИЛЕР

| ЭГЕР БАЛАДА БУЛАР БАЙКАЛСА | БУЛАР ДАГЫ | АНДА ТӨМӨНКҮ БОЛУШУ МҮМКҮН | БЕТТИ КАРАҢЫЗ |
|---|---|---|---|
| алсыз же жүүнү бош болуп төрөлсө <br>башын көтөрүп кармоону жана колдорун кыймылдатууну кеч баштаса  | • төрөттөр көбүнчө оор өтсө<br>• бала дароо дем алып баштабаса<br>• териси көгөрүп, араңжан төрөлсө<br>• же ара төрөлүп, абдан кичинекей болсо | • балдардын церебралдык шалдыгы<br>• өнүгүүдө артта калуу | 87<br>277 |
| | • бети тегерек<br>• көздөрү чалыр<br>• тили жоон  | • Даун синдрому<br>• гипотиреоз | 279<br>282 |
| | башы кичинекей же анын үстүнкү бөлүгү кууш  | микроцефалия (кичинекей мээ), акыл-эсинин өнүгүүсү артта калуу | 278 |
| | жогоруда келтирилген белгилердин бири да байкалбаса | өнүгүүсү башка себептерден улам артта калуу | 289 |
| эмчек жакшы эмбейт же сүткө же тамакка какай берет  | • сүттү тили менен түртүп чыгарып салат<br>• же такыр эмчек эмбейт | балдардын церебралдык шалдыгы | 87 |
| | • эмчек жакшы эме албайт<br>• какап калат же сүт мурдунан чыгып кетет | • таңдайы жырык эмес бекенин текшериңиз <br>• акыл-эсинин өнүгүүсү такыр эле артта калып калган болушу мүмкүн | 120<br>277 |
| бир бут кетмени же экөөсү тең ичти же артты көздөй ийилиптурат  | башка белгилер жок | маймактык | 114 |
| | • алакан-манжалары алсыз, ийкемсиз же жоонноюп кеткен<br>• айрым муундар ийкемсиз, бүгүлгөн же жазылган абалында катып калгандай  | артрогрипоз | 122 |
| | аркасында бултуйган каралжын шишик | жүлүн чуркусу | 167 |
| аркасында “баштыкча“ же бултуйган каралжын шишик  | • маймактык<br>• же бут кетмендери өйдөгө катуу бүгүлүп турат → <br>• же бут кетмендери катып калгандай, алар эч нерсе сезбейт | жүлүн чуркусу (кээде “баштыкча” сымал шишүү байкалбайт, бирок өрчүүдө бузулуу бардыгын көрсөткөн, бут кетмендеринде көйгөйлөр болушу мүмкүн) | 167 |
| башы өтө чоң; улам чоңоюп жатат  | төмөнкү белгилер пайда болушу мүмкүн:<br>• көздөр “батып бараткан күндү” элестетет (Грефе белгиси) → <br>• акыл-эс жана/же физикалык өнүгүүсүнүн артта калуусу улам күчөйт<br>• сокурдук | гидроцефалия (мээде суюктук бар) | 169 |
| | | Бала төрөлгөндө мындай белгилер демейде жүлүн чуркусу бар болушун билдирет. | 167 |
| | | Чоңоюп калган балада мындай белгилер мээсинде тасма курт же шишик бар болушун кабарлашы мүмкүн. | WTIND<br>143 |
| үстүнкү эрини жана/же таңдайы толук калыптанган эмес  | • тамактантуусуна байланыштуу кыйынчылыктар<br>• кийинчерээк – сүйлөөсүнө байланыштуу кыйынчылыктар  | жырык эрин жана жырык таңдай | 120 |
| тубаса деформациялар, дефекттер же өрчүбөй калган мүчөлөр  | (өзүнчө же башка илдеттер менен айкалышып байкалышы мүмкүн) | Төмөнкүлөрдү караңыз:<br>• тубаса дефекттер<br>• ампутациялар<br>• Даун синдрому<br>• өнүгүүдө артта калуу | 119<br>227<br>279<br>287 |
| патологиялуу ийкемсиздик же дене абалдары  | • тубаса дефект<br>• айрым булчуңдар алсыз<br>• айрым муундар ийкемсиз<br>• башынын абалын башкарат, ой жүгүртүүсү нормалдуу | артрогрипоз  | 122 |
| | • дене айрым абалдарында болгондо булчуңдар көбүрөөк чыңалат<br>• бармагын муштумуна катуу кыса алат  | спастикалык церебралдык шалдык<br>**Эскертме.** Булчуңдар ийкемсиздиги демейде бала төрөлгөнүнөн бир нече жума же ай өткөндө байкалып баштайт. | 89 |





| ЭГЕР БАЛАДА БУЛАР БАЙКАЛСА | БУЛАР ДАГЫ | АНДА ТӨМӨНКҮ БОЛУШУ МҮМКҮН | БЕТТИ КАРАҢЫЗ |
|---|---|---|---|
| бир колу алсыз же кызыкча кармалат  | колун жакшы кыймылдата албайт,<br>ушинтип кармайт  | Эрб шалдыгы (төрөт учурунда ийин нерв-дерин кокустатып алуудан улам пайда болгон алсыздык) | 127 |
| | көп учурда ошол тарабындагы бутунда да кандайдыр бир көйгөй бар | гемиплегиялык (бир жактуу) церебралдык шалдык | 90 |
| кашка жилиги жамбаш сөөк менен болгон աшташынан чыгып кеткен, тубаса<br><br>бир бутунун абалы башкача, ал кыска-раак; бутундагы териси жыныс орга-нынын бир бөлүгүн жаап турат |  Буттарын, сүрөттө көрсөтүлгөндөй, эки жакка буруп, аласын ачканда, бутунан “чык” де-ген добуш чыгат, же ал капталына жакшы бурулбайт.  | кашка жилиги жамбаш сөөк менен болгон աшташынан чыгып кеткен, тубаса (көп учурда эки кашка жилиги тең)<br><br>төмөнкүлөр менен бирге болушу мүмкүн:<br>• жүлүн чуркусу<br>• Даун синдрому<br>• артрогрипоз<br>156-бетти да караңыз. | 155<br><br><br>167<br>279<br>122 |
| добуштарга жай жооп кайтарат же көздөрү менен буюмдардын артынан начар ээрчийт  | (бир же бир нече бузулууга байланыштуу болушу мүмкүн) | Төмөнкүлөрдүн белгилерине текшериңиз:<br>• өнүгүүдө артта калуу<br>• балдардын церебралдык шалдыгы<br>• сокурдук<br>• дүлөйлүк | <br>290<br>87<br>243<br>257 |

## БАЛДАРДА БАЙКАЛУУЧУ БЕЛГИЛЕР

| | | | |
|---|---|---|---|
| башка балдарга салыштырмалуу жайыраак өнүгөт (коңторулганды, отурганды, кол-дорун колдонгон-ду, айланасын-дагыга кызык-канды, басканды, сүйлөгөндү ке-чирээк үйрөнөт) | көпчүлүк же бардык көрсөткүчтөр боюнча өнүгүүсү жай: | өнүгүүдө артта калуу; төмөнкүлөрдүн белгилерине текшериңиз: | 287 |
| | • бети тегерек<br>• көздөрү чалыр<br>• алаканында бир терең бырыш  | Даун синдрому | 279 |
|  | • кыймылдары жана реакциялары жай<br>• териси кургак жана муздак<br>• чекеси кууш<br>• көзүнүн кабактары шишигенсип турат  | гипотиреоз | 282 |
| | кыймылдары же денесинин абалдары кызыкча, алар улам кайталанып турат, жана/же булчуңдары катып калгансыйт  | балдардын церебралдык шалдыгы<br><br>төмөнкүлөргө дагы текшериңиз:<br>• сокурдук<br>• дүлөйлүк<br>• толук баалуу тамактанбоо | 87<br><br><br>243<br>257<br>320 |
| добуштарга жообу жок, 3 жашка чейин сүйлөп баштабайт  | кээ бир добуштарга жооп кайтарат, башкаларына жооп бербейт<br><br>Кулагына инфекция (ириң) жукпаганын текшериңиз. | Төмөнкүлөргө текшериңиз:<br>• дүлөйлүк<br>• өнүгүүдө өтө артта калуу (дүлөйлүк болгондо да, болбогондо да)<br>• церебралдык шалдыктын оор формасы | <br>257<br>283<br><br>87 |
| көздөрү менен буюмдардын артынан ээрчибейт же колун сунуп аларды алууга ара-кеттенбейт (бирөө ага тиймейинче)  | Көздөрү сыртынан нормалдуу эле көрүнүшү же кандайдыр бир өзгөрүүлөр болушу мүмкүн. | • сокурдук жана/же<br>• акыл-эсинин өнүгүүсү өтө артта калуу<br>• балдардын церебралдык шалдыгынын оор формасы | 243<br>277<br>87 |
| көзүнүн кабактары же көздөрү тез, диртилдеп же кызыкча кыймылдайт  | Булардын бири же дароо бир нечеси балада жок бекенине текшериңиз. { | • сокурдук<br>• талма<br>• дары-дармектерди өтө көп колдонуу<br>• церебралдык шалдык<br>• мээге таасир тийгизген же ага зыян келтирген башка илдеттер | 243<br>233<br>15<br>87<br>14 |

| ЭГЕР БАЛАДА БУЛАР БАЙКАЛСА ↓ | БУЛАР ДАГЫ ↓ | АНДА ТӨМӨНКҮ БОЛУШУ МҮМКҮН ↓ | БЕТТИ КАРАҢЫЗ ↓ |
|---|---|---|---|
| денесинин бардык же айрым бөлүктөрү өзүнөн өзү, кызыкча кыймылдайт  | • талма күтүлбөй башталат; бала жыгылышы же эсин жоготушу мүмкүн<br>• талмалардын ортолорунда баланын абалы нормалдуу (же демейдегиден мыктыраак) | эпилептикалык талма (Талма ар башка балада бир топ ар түрдүүчө байкалат, атүгүл бир эле балада ар сайын ар башкача жүрөт.) | 233 |
| | жай, күтүлбөгөн же ритмдүү кыймылдар; жетишерлик узак созулат (уктаган мезгилинен тышкары); эсти жоготуу жок  | атетоиддик церебралдык шалдык (**Эскертме.** Бир балада церебралдык шалдык да болушу, талма да кармашы мүмкүн.) | 89 |
| денеси же анын бөлүктөрү белгилүү бир абалдарында катыгансып ийкемсиз болуп калат: айрым же бардык кыймылдарды аткаруу оор болот | • дененин абалдары ар башка балада ар түрдүү болот<br>• арка артка ийилип, буттар кесилишип кармалып, бүтүндөй дене катып калгансыйт  | спастикалык церебралдык шалдык | 89 |

## ДЕНЕНИН БӨЛҮКТӨРҮ АЛСЫЗ ЖЕ ШАЛ



| | | | |
|---|---|---|---|
| денесинин айрым же бардык бөлүктөрү **жүүнү бош же алсыз**<br><br>дененин жабырланган бөлүктөрүндө **сезгичтик жоголгон эмес**<br><br>**спастика** (булчуңдар өзүнөн өзү түйүлүп чыңала берүү) **жок**<br><br>**төрөлгөндөгү абалы нормалдуу** | • илдет демейде бала 2ге чыга элек кезинде катуу суук тийүүдөн жана денетабы көтөрүлүүдөн башталат <br>• денесинин ар башка бөлүктөрүндө алсыздык ар түрдүү; көбүнчө бир бут же экөө тең – кээде кол, ийин, алакан менен манжалар ж.б.у.с. | полиомиелит | 59 |
| | • жай башталып, абал бара-бара начарлайт<br>• денесинин эки жагынын жабырлануусу болжол менен бирдей<br>• көп учурда үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүндө да так ушундай белгилер байкалат  | • булчуңдар дистрофиясы<br>• булчуңдар атрофиясы | 109<br>112 |
| | <br>• шалдык буттардан башталып, дененин өйдөкү бөлүктөрүнө өтөт; бүтүндөй денеге жайылышы мүмкүн<br>• же болбосо, шалдык дагы башкача өрчүйт | кене чагуудан улам пайда болгон шалдык <br>Гийен – Барре шалдыгы (демейде убактылуу) | китепте жок<br>62 |
| | | пестициддерден, химиялык заттардан, тамак-аштан (латиризм) пайда болгон шалдык | 15 |
| | аркада шишик (57-бетти караңыз.) | омуртка түтүмүнүн кургак учугу | 165 |
| **булчуңдар жүүнү бош же ийкемсиз болуу**<br><br>демейде **сезгичтик бир аз жоголот** | • бир алакан-манжалардын же бут кетменинин же экөөсү тең <br>• илдет чоңоюп калган балдарда жай өрчүп калыптанат; абал бара-бара начарлайт | пес оорусу | 215 |
| | • аркасында шишик бар болуп төрөлөт (Терисинде тырык жок бекенин караңыз.)<br>• бут кетмендери алсыз, көп учурда аларда сезгичтик жоголот  | жүлүн чуркусу  | 167 |
| | • илдет демейде арканы же моюнду жабыркатып алуудан пайда болот<br>• алсыздык, жабыркаган жерден ылдый сезгичтик жоголот<br>• булчуң спазмдары болушу же болбошу мүмкүн<br>• табарсыгынын жана ичегилеринин кызматын башкаруу бузулуу | жүлүн жабыркоо<br> параплегия (дененин ылдыйкы бөлүгү)<br> квадриплегия (дененин өйдөкү жана ылдыйкы бөлүктөрү) | 175 |
| | дененин бир бөлүгүнө барган нервдер жабыркоо | колдорунда алсыздык болот (кээде бул балдактарды туура эмес пайдалануудан) | 393 |







| ЭГЕР БАЛАДА БУЛАР БАЙКАЛСА | БУЛАР ДАГЫ | АНДА ТӨМӨНКҮ БОЛУШУ МҮМКҮН | БЕТТИ КАРАҢЫЗ |
|---|---|---|---|
| алсыздык демейде **булчуңчуңдардын ийкемсиздиги же спастикасы менен коштолот**<br><br>**сезгичтик жоголбойт** | илдет денени демейде төмөнкүчө жабыркатат:<br> | • 1: церебралдык шалдык (же инсульт, демейде улгайып калган адамдарда)<br>• 2 жана 3: церебралдыкдык<br>• башка себептерден болушу мүмкүн | 87 |
| | Булчуңдар чыңалып турат; муундар ооругандыктан, мүчөлөрдү кыймылдатууга каршылык кылат. | МУУНДАР ООРУЙТ (себептери көп – төмөндү караңыз) | 130 |

## МУУНДАР ООРУУ


| | | | |
|---|---|---|---|
| бир же бир нече муун ооруйт | • илдет денетабынын көтөрүлүүсүнөн же мунусуз башталат<br>• абал бара-бара начарлайт, бирок бирде жакшыруу, бирде начарлоо мезгилдери да болот<br> | ювенилдик артрит | 135 |
| | | муундардын оорушунун башка себептери (Муун оорую боюнча картаны караңыз.) | 130 |



## БАЛА КЫЙНАЛЫП БАСАТ ЖЕ АКСАЙТ

| | | | |
|---|---|---|---|
| кадам шилтегенде бир капталына ооп басат<br> | көп учурда бир буту алсызыраак жана кыскараак | Төмөнкүлөргө текшериңиз:<br>• полиомиелит<br>• балдардын церебралдык шалдыгы<br>• кашка жилиги жамбаш сөөк менен болгон ашташынан чыгып кетүү | 59<br>87<br>155 |
| | • демейде 4–8 жаш курагында башталат<br>• тизе мууну ооруганына даттанышы мүмкүн | кашка жилигинин жамбаш сөөк менен ашташы жабыркоо | 157 |
| тизелери бир бирине жабышып басат<br> | • булчуңдарында спазмдар жана ийкемсиздик<br>• денесинин өйдөкү бөлүгү бир аз жабыркоо | спастикалык диплегиялык же параплегиялык церебралдык шалдык | 87 |
| тизелерин жанаштырып, бут кетмендерин бир биринен алыстатып турат жана басат<br><br>башка белгилер байкалбайт<br> |  3 жашында бут кетмендери бир биринен 7 1/2 см-ден азыраак аралыкта кармалса | 2ден 12 жашка чейинки балдар үчүн бул нормалдуу | 113 |
| |  3 жашында бут кетмендери бир биринен 7 1/2 см-ден көбүрөөк аралыкта кармалса | тизе муундарында деформация бар (Х-кейипилүү буттар) | 114 |
| бир буту менен манжаларына туруп алып, олдоксон басат<br> | ошол жагындагы булчуңдарында спазмдар байкалат, ал жагын жакшы кыймылдата албайт; көп учурда ошол жагындагы алакан-манжалары жабыркаган болот | гемиплегиялык церебралдык шалдык | 90 |
| | | (бир топ жашка келген адамдарда – инсульт) | китепте жок |
| тизелерин бүгүп, буттарын демейде бир биринен алыстатып алып, олдоксон басат<br> | • денесин солкулдатып, кадам шилтейт; тең салмактуулугун жакшы сактай албайт<br>• жыгылууга алып келиши мүмкүн болгон күтүүсүз, өзүнөн өзү болгон кыймылдар | атетоиддик церебралдык шалдык | 89 |
| | • жай, "мас кишиче" басат<br>• басканды башка балдарга салыштырмалуу кеч үйрөнөт, көп жыгылат | • тең салмактуулугун сактоосу начар (атаксия) – көп учурда церебралдык шалдык да бар<br>• Даун синдрому<br>• гипотиреоз | 90<br><br>279<br>282 |
| бут манжаларына (эки буту тең) туруп алып басат<br> | • булчуңдарында (айрыкча буттарынын жана бут кетмендеринин) алсыздык бар<br>• абал бара-бара начарлаайт | булчуңдар дистрофиясы | 109 |
| | буттарынын жана бут кетмендеринин булчуңдары ийкемсиз (спастика) | спастикалык церебралдык шалдык | 89 |
| | башка белгилер байкалбайт | балким, бул нормалдуу эле көрүнүш? (дени соо балдардын айрымдары адегенде бут манжаларына туруп алып басуудан башташат) | 292 |






| ЭГЕР БАЛАДА БУЛАР БАЙКАЛСА | БУЛАР ДАГЫ | АНДА ТӨМӨНКҮ БОЛУШУ МҮМКҮН | БЕТТИ КАРАҢЫЗ |
|---|---|---|---|
| сандарын (колдору менен) түртүп же буттарын тизелеринен артка ийилип алып басат  | сан булчуңдары алсыз  бутун араң көтөрөт | • полиомиелит<br>• булчуң дистрофиясы<br>• артрит (муун ооруу)<br>• булчуңдарынын алсыздыгынын себеби башкада | 59<br>109<br>135<br>112 |
| булчуңдарынын алсыздыгынан улам бут кетмени “салаңдап” калат  | бут кетмени сүйрөлүп калбашы үчүн, кадам жасаган сайын бутун өйдө көтөрөт  | • полиомиелит<br>• жүлүн чуркусу<br>• булчуң дистрофиясы<br>• булчуң атрофиясы<br>• нервдер же булчуңдар жабыркоо<br>• алсыздыктын себептери башкада | 59<br>167<br>109<br>112<br>35<br>139 |
| кадам таштаган сайын бир капталынан экинчи капталына оой берет  | сандын капталкы булчуңдарынын алсыздыгынан же эки кашка жилиги тең жамбаш сөөк менен болгон ашташтарынан чыгып кеткендигинен улам же бул эки себептен тең | • полиомиелит<br>• церебралдык шалдык<br>• жүлүн чуркусу<br>• Даун синдрому<br>• булчуң дистрофиясы<br>• баланын өсүүсү токтоп калган<br>• артрогрипоз<br>• эки кашка жилиги тең жамбаш сөөк менен болгон ашташтарынан чыгып кеткен (жогоруда келтирилген бузулуулардын бири менен чогуу болушу мүмкүн) | 59<br>87<br>167<br>279<br>109<br>126<br>122<br>155 |
| кашка жиликтеринин жамбаш сөөк менен болгон ашташтарынын, тизелеринин же таман сөөктөрүнүн шыйрактары менен болгон ашташтарынын бирин (же экөөсүн тең) бүгүп алып басат  | муундарын жай ылдамдык менен да жазууга **мүмкүн эмес**, бала атүгүл денесин бош кармаса деле (79-бетти караңыз.) | • контрактуралар (булчуңдар кыскарып кетүү)<br>• муундар биригип же бир бирине жабышып өсүп калган<br>төмөнкү илдеттерде кошумча көйгөй түрүндө пайда болушу мүмкүн:<br>• полиомиелит<br>• муундардын инфекциялык илдеттери<br>• себептери башка болгондо | 77<br>80<br><br><br>59<br>131<br>231 |
| | бала денесин бош кармаганда, муундарын бара-бара жазууга **мүмкүн болот** | спастика, көп учурда церебралдык шалдык | 89 |
| тизелерин бир биринен алыстатып, бут кетмендерин бир бирине жакындатып кармап (О-кейпилүү буттар), буттарын сүйрөп же бир капталынан экинчисине ооп басат (эгер баса алса)  | 18 айлык куракка чейин | көп учурда нормалдуу көрүнүш | 113 |
| | төмөнкү көйгөйлөрдүн түрдүү айкалыштары:<br>• муундары чоң же жоон көрүнөт<br>• курагы үчүн баланын бою кыска<br>• сөөктөрү алсыз, ийри же оңой эле сынып калат<br>• тулкусуна салыштырмалуу колдору жана буттары өтө эле кыска же “пропорционалдуу эмес” сезилет<br>• курсагы жана жамбашы уркуюп чыгып турат  | төмөнкү илдеттер болушу мүмкүн:<br>• итий (Д витамини жана күн нуру жетишсиздигинен)<br>• кемчиликтүү остеогенез<br>• баланын бою өспөй калган (эргежээлдик)<br>• гипотиреоз<br>• Даун синдрому<br>• кашка жиликтери жамбаш сөөк менен болгон ашташтарынан чыгып кеткен | <br>125<br>125<br>126<br>282<br>279<br>155 |
| жалпак тамандуулук  | оорубайт же башка белгилер байкалбайт | көптөгөн балдар үчүн бул нормалдуу көрүнүш | 113 |
| | • таманынын ортосу ооруй башташы мүмкүн.<br>• деформация күчөшү мүмкүн | төмөнкү илдеттерден болушу мүмкүн:<br>• балдардын церебралдык шалдыгы<br>• полиомиелит<br>• жүлүн чуркусу<br>• Даун синдрому | <br>87<br>59<br>167<br>279 |

## ОМУРТКА ТУТУМУНУН ИЙРИЙҮҮЛӨРҮ ЖАНА ДЕФОРМАЦИЯЛАРЫ



| | | | |
|---|---|---|---|
| омуртка тутуму капталына ийрийүү (сколиоз)  | Алдыга эңкейгенде, бир жагындагы кабыргасы уркуюп, аркасында бүкүрөйүү пайда болор-болборун текшериңиз.  | Сколиоз өзүнчө же төмөнкү илдеттер менен айкалышып калыптанышы мүмкүн:<br>• полиомиелит<br>• балдардын церебралдык шалдыгы<br>• булчуң дистрофиясы<br>• жүлүн чуркусу<br>• ден соолук мүмкүнчүлүктөрүн чектеген башка илдеттер | <br>59<br>87<br>109<br>167<br>162 |

| ЭГЕР БАЛАДА БУЛАР БАЙКАЛСА | БУЛАР ДАГЫ | АНДА ТӨМӨНКҮ БОЛУШУ МҮМКҮН | БЕТТИ КАРАҢЫЗ |
|---|---|---|---|
| омуртка тутумунун бел бөлүгү алдыга уркуюп ийрийүү (лордоз)  | • көп учурда курсак уркуюп калат<br>• бул жеринде контрактуралар бар же курсак булчуңдары алсыздыгынан улам болушу мүмкүн | Лордоз төмөнкү илдеттерден улам болушу мүмкүн:<br>• полиомиелит<br>• жүлүн чуркусу<br>• балдардын церебралдык шалдыгы<br>• булчуңдар дистрофиясы<br>• Даун синдрому<br>• гипотиреоз<br>• эргежээлдик<br>• дагы башка далай илдеттер | <br>59<br>167<br>87<br>109<br>279<br>282<br>126<br>161 |
| аркасы томпоюу (кифоз)  | | Кифоз көп учурда төмөнкү илдеттерден улам калыптанат:<br>• артрит<br>• жүлүн жабыркоо<br>• полиомиелиттин оор формасы<br>• кемчиликтүү остеогенез | <br>136<br>75<br>59<br>125 |
| омуртка тутумунда катуу, учтуу уркуюп турган бөлүгү бар болот  | • илдет жай жана ооруусуз башталат<br>• көп учурда үй-бүлөдө бирөө кургак учук менен ооруган<br>• денесинин төмөнкү бөлүгүнүн шал болуусуна алып келиши мүмкүн | омуртка тутумунун кургак учугу | 165 |
| омуртка тутумунда каралжын жумшак дөмпөйүү  | • бала төрөлгөндө эле бар болот<br>• кээде омуртка тутумунун үстүндө жумшак же бир аз шишип турган жер эле болот<br>• бут кетмендеринин же денесинин төмөнкү бөлүгүнүн булчуңдарында алсыздык бар болот жана сезгичтик жоголот | жүлүн чуркусу (“аркадагы баштыкча”) | 167 |

## БАШКА ДЕФОРМАЦИЯЛАР

| | | | |
|---|---|---|---|
| денесинин айрым бөлүктөрү жок | ушундай төрөлгөн  | денесинин айрым бөлүктөрү жок же толук калыптанбай төрөлгөн | 121 |
| | мүчөлөрүн түрдүү кырсыктарда же хирургиялык операциядан улам жоготуу (ампутация)  | ампутациялар | 227 |
| | кол манжаларын, алакандарын, бут манжаларын же бут кетмендерин бара-бара жоготуу, көп учурда, сезгичтиги бузулган адамдарда учурайт  | • остеомиелит (сөөк инфекциялануу)<br>кээде төмөнкү илдеттер менен чогуу байкалат:<br>• пес оорусу (алакан-манжалардын же бут кетмендеринин)<br>• жүлүн чуркусу (бут кетмендери гана) | 159<br><br>215<br>167 |
| алакандар менен манжалардын дефекттери<br><br>(тубаса түрлөрү тууралуу 305-беттен караңыз.) | • “жүүнү бош” шалдык (спастика жок) <br>• тийиштүү түрдө дарыланбаса, контрактураларга алып келиши мүмкүн; анын натыйжада манжалар жазылбай калат | төмөнкү илдеттерден улам пайда болушу мүмкүн:<br>• полиомиелит<br>• булчуң дистрофиясы<br>• булчуң атрофиясы<br>• жүлүн жабыркоо (моюн бөлүгүнөн)<br>• пес оорусу<br>• нервдер же колдун тарамыштары жабыркоо<br>Булардын баары контрактураларга алып келиши мүмкүн. | <br>59<br>109<br>112<br>175<br>215<br>127 |
| | • булчуңдар өзүнөн өзү чыңала берет (спастика)<br>• кызыкча кыймылдар же алакан-манжалар бекем муштум болуп түйүлүп турат  | спастикалык церебралдык шалдык<br><br>Контрактураларга алып келиши мүмкүн. | 89 |
| | күйүүдөн тырыктар жана деформациялар бар  | күйүктөр | 231 |
| маймактык же бут кетмендери патологиялуу ийрийүү<br><br>(Тубаса маймактык тууралуу 114-беттен караңыз.) | булчуңдарынын “жүүнү бош” түрүндө башталып, муундары контрактуралардан улам ийкемсиз болуп калышы мүмкүн (эгер алдын ала чаралар көрүлбөсө)  | бир топ илдеттерде болушу мүмкүн, мисалы:<br>• полиомиелит<br>• балдардын церебралдык шалдыгы<br>• жүлүн чуркусу<br>• булчуң дистрофиясы<br>• артрит<br>• жүлүн жабыркоо | <br>59<br>87<br>167<br>109<br>139<br>175 |

## БАШКА ИЛДЕТТЕРДИ КОШТООЧУ ЖЕ АЛАРГА КОШУМЧА ТҮРҮНДӨ ПАЙДА БОЛУУЧУ БУЗУЛУУЛАР

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Өнүгүүсүндө артта калуу:**<br>бала денесин башкарганды жана негизги ык-жөндөмдөрдү кыйынчылыктар менен үйрөнөт  | мээси жай же толук калыптанбай иштөөсүнөн же белгилүү бир илдеттин оор формасынан улам же бул эки себептен тең болот | көп учурда төмөнкүлөрдү коштойт:<br>• акыл-эсинин өнүгүүсү артта калуу<br>• балдардын церебралдык шалдыгы<br>• балада оор же көп илдет болуу | <br>277<br>87<br>283 |
| | балага чегинен ашырып камкордук кылгандан: далай нерселерди кылууга жөндөмдүү балага ымыркайдай мамиле кылуу | өнүгүүдө бир аз артта калуу дээрлик бардык илдеттерде байкалат | 287 |
| **Контрактуралар**<br>булчуңдары кыскарып кеткендиктен муундары жазылбай калат  муундары жазылбайт | • демейде булчуңдарынын алсыздыгынан же спастикадан<br>• көп учурда, муунду жазуучу булчуңдар аны бүгүүчү булчуңдардан алсызыраак болуп калат (булчуңдардын күчүнүн тең салмаксыздыгы) | көп учурда төмөнкү илдеттерде кошумча көйгөй түрүндө калыптанат:<br>• полиомиелит<br>• балдардын церебралдык шалдыгы<br>• жүлүн чуркусу<br>• артрит<br>• булчуңдар дистрофиясы<br>• Эрб шалдыгы<br>• ампутациялар<br>• пес оорусу | <br>59<br>87<br>167<br>135<br>109<br>127<br>227<br>215 |
| | кээде куйүктөн калган тырыктардан же жаракат алуудан | күйүктөр | 231 |
| **Жүрүм-турум көйгөйлөрү**  | төмөнкүлөрдөн улам пайда болушу мүмкүн:<br>• мээ жабыркоо<br>• түрдүү нерселерди түшүнүү кыйынчылыктары<br>• чегинен ашырып камкордук кылуу<br>• үй-бүлөдө жагдай оор болуу<br>(Мээси жабыркаганынан улам пайда болгон талмасы бар балдардын айрымдары чачтарын жулушу, өздөрүн тиштеши ж.б.у.с. кылышы мүмкүн.) | жүрүм-турум көйгөйлөрү төмөнкү бузулуулар үчүн мүнөздүү:<br>• акыл-эсинин өнүгүүсү артта калуу<br>• талма (эпилептикалык)<br>• балдардын церебралдык шалдыгы<br>жана эмоцияналдык себептен улам төмөнкү бузулууларда пайда болот:<br>• жүлүн жабыркоо<br>• булчуң дистрофиясы<br>• дүлөйлүк<br>• жаңы нерселерди үйрөнүүгө жөндөмсүз болуу | <br>277<br>233<br>87<br><br>175<br>109<br>257<br>365 |
| **Белгилүү бир түшүнүктөрдү жай өздөштүрүү; башка багыттарда акыл-эс жагынан жөндөмдүүлүгү нормалдуу** | • бала көп учурда чектен аша активдүү же оңой туталанма болот<br>• кээде жүрүм-турумуна байланыштуу көйгөйлөрү бар болот | жаңы нерселерди үйрөнүүгө жөндөмсүз болуу | 365 |
| **Сүйлөө жана башкалар менен катнашуу көйгөйлөрү** | • көп учурда, бирок дайыма эле эмес, дүлөйлүккө же акыл-эсинин өнүгүүсү артта калганына же булардын экөөсүнө тең байланыштуу болот<br>• айрымдары жакшы эле угушат, акыл-эс жагынан жөндөмдүүлүктөрү деле нормалдуу,<br>бирок баары бир сүйлөй алышпайт  | төмөнкү бузулуулардан улам болушу мүмкүн:<br>• дүлөйлүк<br>• өнүгүүсүндө артта калуу<br>• балдардын церебралдык шалдыгы<br>• Даун синдрому<br>• гипотиреоз<br>• эргежээлдик<br>• кемчиликтүү остеогенез<br>• жырык эрин жана таңдай<br>(Дүлөйлүк ушул жана башка илдеттер менен чогуу болушу мүмкүн.) | <br>257<br>287<br>87<br>279<br>282<br>126<br>125<br>120 |
| башка илдеттерге кээде **кошумча түрүндө** пайда болуучу дагы башка бузулуулар<br>(Алардын кээ бирлери ушул картага кошулган.) | **Негизги илдет:**<br>• балдардын церебралдык шалдыгы | **Эң көп учураган кошумча бузулуулар:**<br>• сокурдук<br>• дүлөйлүк<br>• талма | <br>243<br>257<br>233 |
| | • шалдык менен коштолуучу көптөгөн бузулуулар | • омуртка тутуму ийрийүү | 161 |
| | • сезгичтик жоголуу: пес оорусунан, жүлүн жабыркоодон, жүлүн чуркусунан | • эт оюлуу<br>• остеомиелит (сөөк инфекциялары)<br>• табарсыктын жана ичегилердин кызматын башкаруу бузулуу | 195<br>159<br>203 |